**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**БИОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**К. ТЫНЫСТАНОВ атындагы**
**ЫСЫК-КӨЛ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 03.24.693 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК 575.224 504.53.054**

**Осмонбаева Кымбаткуль Бейшеновна**

# КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮ ЖАНА АБАДАГЫ ӨСҮМДҮК ЧАҢЧАЛАРЫНЫН ЖАНА КОЗУ КАРЫНДАРДЫН СПОРАЛАРЫНЫН КОНЦЕНТРАЦИЯСЫ

03. 02. 08 – экология

Биология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**авторефераты**

**Бишкек – 2025**

Иш Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин туризм жана айлана-чөйрөнү коргоо кафедрасында жүргүзүлдү.

**Илимий консультант:** **Кобзарь Вера Николаевна,** биология илимдеринин доктору, профессор, Б. Ельцин атындагы Кыргыз-орус славян университетинин физика, медициналык информатика жана биология кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Ященко Роман Васильевич,** биология илимдеринин доктору, профессор, Казакстан Республикасынын Илим жана жогорку билим берүү министрлигинин Зоология институтунун башкы директору, Алматы ш.

**Худайбергенова Бермет Мерлисовна,** биология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, КР УИАнын башкы илимий катчысы

**Гурина Наталья Сергеевна,** биология илимдеринин доктору, профессор, «Беларусь мамлекеттик медициналык университети» окуу мекемесинин фармацевтикалык факультетинин деканы, Минск ш.

**Жетектөөчү мекеме:** Мирзо Улукбек атындагы Өзбекстан Улуттук университети, экология кафедрасы (700174, Өзбекстан Республикасы, Ташкент ш., Университет көч. 4).

Диссертацияны коргоо 2025-жылдын 27-февралында саат 15-00 биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын биология институту, тең уюштуручуу К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетине караштуу Д 03.24.693 диссертациялык кеңештин отурумунда өткөрүлөт, дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265. Диссертацияны коргоо боюнча видеоконференциянын шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/032-lvf-co3-zie

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук китепканасынан (720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265), К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин китепканасынан (722200, Каракол ш., Тыныстанов көчөсү, 26) жана https://vak.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2025 жылдын 24 январында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**

**биология илимдеринин кандидаты** **К. Д. Бавланкулова**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Климаттын өзгөрүшү абаны булгоочу заттардын таасири менен бирге адамдын ден соолугуна бир кыйла терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Бардык жандуу организмдерге белгилүү бир деңгээлде таасир этет. Атмосферага бир канча өлчөмдө көмүр кычкыл газынын жана башка газдардын чыгышы менен байланышкан климаттын жылышы, гүлдөөнүн башталышы сыяктуу өсүмдүктөрдүн тиричилигинде маанилүү сезондук мезгилдердин убактысына таасир кылышы мүмкүн. Өсүмдүктөрдүн тиричилигиндеги көптөгөн процесстер (мөмөлөрдүн пайда болушу, уруктардын таралышы ж. б.) гүлдөө мезгилине жараша болот. Климаттын жылышы менен өсүмдүктөрдүн вегетациялык мезгилинин узактыгы, түрлөрдүн ар түрдүүлүгү көбөйөт, бул чаңчалардын жана споралардын абада болуусунан жана оорулардын күчөгөн мезгилинин узартылышына алып келет [Ш. А. Ильясов, О. Н. Шабаева, 2003]. Өсүмдүктөрдүн миграциясы жана өскөн аймактарынын которулушу (географиялык таралышынын көбөйүшү), кээ бир өсүмдүк таксондорунун азайышы же жок болушу, ошол эле учурда чаңчанын таралышында, санында жана аллергендүүлүгүндө өзгөрүүлөр болот [L. H. Ziska, P. J. Beggs, 2012; T. Bonofiglio, F. Orlandi, L. Ruga et al., 2013; M. De Sario, K. Katsouyanni, P. Michelozzi et al., 2013].

Глобалдык жылуулануу жана жаан-чачындардын жана башка метеорологиялык өзгөрмөлөрдөгү өзгөрүүлөр түздөн-түз жана кыйыр түрдө өсүмдүктөрдүн жашоо циклине (биомассанын жана чаңчалардын көбөйүшү, гүлдөө мезгилинин узартылышы), андан ары өсүмдүктөр аркылуу адамдын ден соолугуна таасирин тийгизет. Аллергендик чаңчалардын жаңы таксондорунун пайда болушу жана аэроаллергендердин мейкиндиктеги таралышынын жылыштары келечекте оорулууларда дүүлүктүргүчтөрдү сезишинин күчөшүн жогорулатат.

Абадагы чаңчалардын концентрациясы мониторинг жүргүзүлгөн жерлерде жана анын айланасында өскөн шамал менен чаңдашуучу түрлөрдүн гүлдөө мезгилинде ылдамдыгынын күчөшү менен тыгыз байланышта. Башкача айтканда, конуштардын чаңча спектри алардын декоративдик жана рудералдык шаар флорасына, жакынкы айыл чарба жерлеринин эгиндерине жараша болот [H. Garcia-Mozo, 2016; В. Н. Кобзарь, К. Б. Осмонбаева, 2018; 2022]. Жер пайдаланууну интенсивдештирүү калктуу пункттардын аэробиологиялык спектрине, абадагы өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карын спораларынын курамына бир кыйла таасирин тийгизет. Козу карын споралары өсүмдүк чаңчаларынан алда канча көп өрчүйт. Кыргызстандын жайыттары жана дан эгиндери бар талаалар *Alternaria*, *Cladosporium*, *Epicoccum*, *Helminthosporium* спораларынын өзгөчө маанилүү булагы болуп саналат. Ушуга

байланыштуу аба микофлорасынын санитардык-гигиеналык жана фитопатологиялык изилдөөлөрү өтө маанилүү [В. И. Билай, 1974]

Акыркы жылдардагы антропогендик басымга жана климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу өсүмдүктөр биргелештиктерине туруктуу мониторинг жүргүзүү, алардагы өзгөрүүлөрдү аныктоо жана алардын келечектеги өрчүшү үчүн прогноздоо актуалдуу. Мунун контекстинде абаны техногендик булгоочу жана биополлютант заттарды комплекстүү медициналык-биологиялык жана мониторингдик изилдөөлөрдү уюштуруу жана жүргүзүү зарылчылыгы келип чыкты [Т. Л. Доронина. 2012].

Кыргыз Республикасында ансыз деле байкалган кээ бир климаттык өзгөрүүлөрдү (аба ырайынын кескин өзгөрүшү – аномалдуу ысык, нөшөрлөп жааган жамгыр, катуу шамал) жана келечекте күтүлүп жаткан өзгөрүүлөрдү эске алуу менен абанын биобөлүкчөлөрүнө мониторинг жүргүзүү боюнча программаны биздин өлкөдө гана эмес, ошондой эле Борбордук Азияда жана глобалдык мониторингге кошулуу. Мындай программалар аэроаллергендердин жана фитопатогендик козу карындардын сандык жана таксономикалык курамын жана болор-болбосун болжолдоого мүмкүндүк берет.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий программалар, окуу жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүп жаткан ири илимий долбоорлор менен байланышы.** Борбордук Азия университетинин Тоо коомдоштуктарынын изилдөө институтунун Борбордук Азия жана Афганистандын изилдөөчүлөрү үчүн (CAARF) «Айлана-чөйрөнүн өзгөрүшү жана табигый ресурстарды башкаруу, анын ичинде жердин деградациясы, климаттын өзгөрүшү, биологиялык ар түрдүүлүктүн жоголушу жана табигый коркунучтар менен байланышкан көйгөйлөр» гранттык илимий программалар (2013-2016) алкагында иштин прибордук жактан камсыздоо. Иш бир нече жылдар бою жүргүзүлүп, диссертациялык материалдар Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Илим жана илимий-техникалык маалымат бөлүмүнүн мамлекеттик бюджеттик изилдөө иштеринин темаларына киргизилген: «Туруктуу өнүгүү жана Ысык-Көл облусунун жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу» (2018-ж. мамлекеттик каттоо № 0007971); «Каракол шаарын туруктуу өнүктүрүүнүн экологиялык аспектилери» (2019-2020-жж., мамлекеттик каттоо № 0007704) Иштин айрым жыйынтыктары КР УИАнын Суу жана гидроэнергетика проблемалары институтунун Тянь-Шань бийик тоолуу илимий борборунун «Ысык-Көлдүн бийик тоолуу алкактарындагы физико-географиялык процесстерди комплекстүү изилдөө» жалпы темасынын алкагында (2016-2020-жж., мамлекеттик каттоо № 0007187).



**Изилдөөнүн максаты:** «Аэроаллергендер антропогендик триадасынын индикаторлору катары: климаттын өзгөрүшүнүн, жер пайдалануу системасынын жана айлана-чөйрөнүн булганышынын» концепциясын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:** 1. Чаңча кармагыч аппараттардын иштөөсүнө салыштырма анализ жүргүзүү жана чаңчаларды анализдөөнүн колдонулушун баалоо.

2. Каракол ш. абасындагы өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карын спораларынын сандык жана таксономиялык курамын волюметрикалык ыкма менен аныктоо.

3. Метеорологиялык факторлордун (температура жана жаан-чачындар) аллергендик өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карын спораларынын басымдуу түрлөрүнүн концентрациясына тийгизген таасирин изилдөө.

4. Жер пайдалануу системасындагы өзгөрүүлөрдү жана алардын аэробиологиялык спектрге тийгизген таасирин изилдөө.

5. Климаттын өзгөрүшүнүн, айлана-чөйрөнүн булганышынын жана жер пайдалануу системасынын өзгөрүшүнүн шартында өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карын спораларынын концентрациясына комплекстүү экологиялык жана биологиялык анализ жүргүзүү.

6. Каракол шаарын жашылдандыруудагы азыркы абалына жана аэробиологиялык ситуациясына кошкон салымына баа берүү.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Биринчи жолу тиешелүү «Аэроаллергендер антропогендик триаданын индикатору катары: климаттын өзгөрүшү, жер пайдалануу системалары жана айлана-чөйрөнүн булганышы» концепциясы иштелип чыкты. Өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карын спораларынын климаттын өзгөрүшүнүн жана айлана-чөйрөнүн булганышынын адамдарга тийгизген негизги таасирлери сүрөттөлөт.

Борбордук Азия өлкөлөрүндө, Кыргыз Республикасында биринчи жолу Хирста чаңча кармагычынын модификацияларынын бири Ланзони Impact-волюмерикалык чаңча кармагычы – сертификацияланган аппарат, VPPS 2010 модели (Lanzoni SRL, Болонья, Италия) колдонулган, ал атайын функция убакыт катары чаңча бүртүкчөлөрүнүн жана спорлардын концентрациясын аныктоо үчүн иштелип чыккан. Волюметрикалык чаңча чогултуучунун артыкчылыктары көрсөтүлгөн.

Чаңчалардын жана споралуу таксондордун болушунун ырааттуулугу жана убактысы алардын максималдуу суткалык маанилерин жана жалпы санын эске алуу менен деталдуу түрдө белгиленген. Төмөнкүлөр аныкталган жана сүрөттөлгөн: аллергендик түрлөрдүн спектри – жалбырактуу жана ийне жалбырактуу дарактардын, отоо чөптөрдүн жана дан өсүмдүктөрүнүн

чаңчалары; козу карын спораларынын аллергендик түрлөрү жана бир катар маданий өсүмдүктөрдүн фитопатогендери.

Жер пайдаланууну интенсивдештирүү калктуу пункттардын аэробиологиялык спектрине, дан өсүмдүктөрүнүн абадагы чаңчаларынын курамын жана козу карындын жаңы спораларынын пайда болушуна бир кыйла таасирин тийгизе тургандыгы аныкталды.

Биринчи жолу Каракол ш. жашыл тигилген бак-дарактардын учурдагы абалына экологиялык баа берилип, баалуу декоративдик формаларды баалоо, шаардын жашыл бактарынын абалын жакшыртуу үчүн бак-дарактардын жана бадалдардын ассортиментин тандоо боюнча иштер жүргүзүлдү.

Жарык микроскоп астында аэроаллергендерди дифференциалдык диагностикалоонун эффективдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк бере турган дихотомиялык аба спораларынын аныктагычы түзүлдү.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Диссертацияда иштелип чыккан концепцияда аэроаллергендер климаттын өзгөрүшүнүн, айлана-чөйрөнүн булганышынын жана жер пайдалануунун өзгөрүшүнүн индикатору катары иш алып баруусу Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Ысык-Көл-Нарын аймактык башкармалыгынын ишине өбөлгө түзөт, курчап турган чөйрөнү коргоо, экология жана климат, экологиялык (анын ичинде биологиялык) коопсуздук талаптарынын сакталышын мамлекеттик көзөмөлдөө жаатындагы мамлекеттик саясатты жана координацияны иштеп чыгат жана ишке ашырат (2022-жылдын 15-июнундагы ишке киргизүү актысы). Диссертациянын материалдары Каракол ш. мэриясынын «Каракол жашылдандыруу» муниципалдык ишканасы тарабынан Каракол ш. көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча иш-чараларды жана практикалык иш-чараларды өркүндөтүү максатында колдонулат. Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча «Каракол ш. жашылдандыруу үчүн бак-дарактардын жана бадалдардын ассортименти» методикалык сунуштамалары иштелип чыгып, басылып чыкты жана «Каракол жашылдандыруу» муниципалдык ишканасына киргизилди (2020-жылдын 13-майындагы ишке киргизүү актысы). Бул изилдөөлөр К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин Экология», «Биология» адистиктери боюнча окуу процессинде студенттерге лекциялык курстарды, лабораториялык жана практикалык сабактарды өткөрүүдө колдонулат (2022-жылдын 10-сентябрындагы ишке киргизүү актысы). Изилдөө материалдары (теориялык аспектилери, методологиясы (Ланзони чаңча кармагычынын методологиясы, микроскоп менен өсүмдүктөрдүн чаңчаларын жана козу карын спораларын идентификациялоо) жана аэробиологиялык изилдөөлөрдүн башка өзгөчөлүктөрү) Өзбекстан Республикасынын Инновациялык өнүгүү



Министрликтин алдындагы Эл аралык молекулярдык аллергология борборунун ишине киргизилген (01.02.2023-ж. ишке киргизүү актысы).

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. «Аэроаллергендер антропогендик триаданын индикаторлору катары: климаттын өзгөрүшү, жер пайдалануу системасы жана айлана-чөйрөнүн булганышы» концепциясы. Өсүмдүктөрдүн чаңчаларына жана козу карындын спораларына антропогендик триаданын негизги таасирлери жалпыланган.

2. Өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карын спораларынын концентрациясы жана таксономикалык курамы боюнча мурда жеткиликтүү болбогон маалыматты алууга мүмкүндүк берген Хирст чаңча кармагычынын (Ланзони капканынын) модификациясынын эффективдүүлүгү. Чаңчанын анализин колдонуу өсүмдүктөрдүн репродуктивдүү биологиясы жөнүндөгү түшүнүгүбүздү кыйла кеңейтет.

3. Изилденген жылдардын баарында шыбак, дан өсүмдүктер, шакардуулар, кара куурай басымдуулук кылган. Чөп өсүмдүктөрдүн чаңчасынын көбөйүшү, дарактын чаңчасынын азайышы. Каракол ш. сандык курамы боюнча ийне жалбырактуу дарактардын чаңчалары басымдуулук кылат.

4. Козу карын спораларынын курамы 3 бөлүмдөн, 8 класстан, 18 тукумдан (Ascomycota - 17, Basidiomycota - 6, Oomycota – 1) 24 түрдү түзөт.

5. Жер пайдалануунун интенсификациясынын калктуу пункттардын аэробиологиялык спектрине, абадагы дан өсүмдүктөрүнүн чаңчаларынын курамына жана жаңы козу карын спораларынын: *Tilletia, Sorosporium, Puccinia), Curvularia, Pyrenophora, Urocystis, Didymella, Diplodia, Piricularia* пайда болушунун тийгизген таасири.

6. Каракол ш. абасында адамдын ден соолугу үчүн потенциалдуу коркунучтуу өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карын спораларынын аллергендик таксондорунун, анын ичинде аэроспоралардын фитопатогендик таксондорунун болушу.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы.** Диссертациялык иштин бардык бөлүмдөрү: абадагы өсүмдүк чаңчаларын жана козу карындын спораларын чогултуу; микроскоптун алдында визуалдык эсептөө жана идентификациялоо аркылуу сандык аныктоо; абадагы биобөлүкчөлөрдүн курамына метеорологиялык параметрлердин таасирин изилдөө; андан ары талдоо менен материалды таксономикалык жана статистикалык иштеп чыгуу автор тарабынан өз алдынча аткарылган.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробациясы**. Диссертациянын темасы боюнча изилдөө материалдары баяндалган жана талкууланган: «Research for Development (R4D) Training Programme Central Asia and Afghanistan Research Fellowship» эл аралык тренинг-семинар, Душанбе ш., 6-12 октябрь 2014 жылы

(Душанбе, 2014); «Аэропалинология жана молекулярдык аллергология» эл аралык семинары, Ташкент ш., 11-18 июль 2022 жылы (Ташкент, 2022); эл аралык илимий-практикалык семинар «MRI Mountains Observatories Working Group and GEO Mountains Workshop in Central Asia», Алматы, 17-22 апрель 2023 жылы (Алматы, 2023); II Эл аралык аэробиологиялык семинар «Аэропалинология жана молекулярдык аллергология», Ташкент ш., 22-31 май 2023 жылы (Ташкент, 2023); «Астма жана аллергия: инновациядан практикага» эл аралык илимий-практикалык семинар», Самарканд ш., 29 мая 2023 жылы (Самарканд, 2023); «Ариддик зоналарда туруктуу өнүгүү үчүн экологиялык изилдөөлөрдүн актуалдуу маселелери» эл аралык илимий-практикалык конференциясы, Чок-Тал, 16-17 август 2023 жылы (Чок-Тал, 2023); «Аллергологиянын жана иммунологиянын актуалдуу маселелери – дисциплиналар аралык аспектилери» региондор аралык онлайн илимий-практикалык конференция, Ростов-на-Дону ш., 15 март 2024 жылы (Ростов-на-Дону, Каракол, 2024); «Экологиялык көйгөйлөр, астма жана аллергия» эл аралык илимий-практикалык конференциясы, Нукус ш., 21 май 2024 жылы (Нукус, 2024).

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда толук жарыяланышы.** Диссертациянын темасы боюнча 30 илимий эмгек алардын 7 импакт-фактору 0,1 ден кем эмес РИНЦ системалары боюнча индекстелген илимий басылмаларда, 1 Scopus системасында, 1 коллективдик монографияда, 1 методикалык сунуштама жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация кириш сөздөн, 7 баптан (адабияттарга обзор, изилдөөнүн методологиясы жана усулдары, өзүнүн изилдөөлөрүнүн 5 бөлүмү), корутундусу жана практикалык сунуштамалардан адабияттар тизмесинен, тиркемелерден турат Диссертация компьютердик тексте терилип, 293 беттен, 27 таблицадан, 59 чийме (фотолор - 27), чаңчанын жана козу карындардын спораларынын 73 микросүрөттөрүнөн турат. Библиографиялык тизме орус тилдүү жана чет өлкөлүк авторлордун 426 эмгегин камтыйт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөө темасынын актуалдуулугун негиздеп, максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, алынган натыйжалардын практикалык мааниси, коргоого берилген диссертациянын негизги жоболору көрсөтүлөт.

**1-Бап. Адабияттарга обзор.** Жер үстүндөгү абанын температурасына инструменталдык байкоолорду кароо жүргүзүлдү. Борбордук Азиядагы жана тоолуу аймактардагы климаттык кырдаалга (өзгөчө аба ырайынын кескин өзгөрүшүнө), ошондой эле климаттын өзгөрүшүнүн регион үчүн кесепеттерине өзгөчө көңүл бурулат. Климаттын жана айлана-чөйрөнүн абалына жараша



аллергендик аэробиологиялык бөлүкчөлөр сандык жана сапаттык жактан өзгөрө турган абал боюнча иштерди кароо жүргүзүлөт.

**2-Бап. Изилдөөнүн методологиясы жана усулдары.**

**Изилдөө объектиси:** өсүмдүктөрдүн чаңчалары жана козу карындын споралары.

**Изилдөө предмети.** Абада өсүмдүк чаңчаларынын жана козу карындын спораларынын болушунун өзгөчөлүктөрү, аэробиологиялык спектрге метеорологиялык факторлордун жана жерди пайдалануу системаларынын таасири, жашыл жерлердин абалына баа берүү.

**Изилдөө методдору:** Иште колдонулган изилдөө ыкмалары стандарттуу, ошондуктан алынган натыйжаларды дүйнө жүзү боюнча окшош иштер менен салыштырууга болот. Аэробиологиялык изилдөөлөр абада камтылган биобөлүкчөлөр - өсүмдүк чаңчалары жана козу карын споралары менен материалдарды чогултууну, аларды идентификациялоону жана микроскоптун көрүү талаасында визуалдык эсептөө менен сандык аныктоону камтыды. Изилдөөдө Хирст чаңча кармагычынын модификацияларынын бири, Impact-волюметрикалык капкан – Lanzoni чаңча кармагыч – сертификатталган аппарат (VPPS 2010 модели, Lanzoni SRL) колдонулат, ал атайын функция убактысы катары чаңча бүртүкчөлөрүнүн жана спорaлардын концентрациясын аныктоого жасалган. Чаңча кармагыч шаардын (Каракол) чегиндеги имараттын чатырына, парк аймактарынан жана өнөр жай ишканаларынан алыс жерде. жердин деңгээлинен 13 метр бийиктикте орнотулат (2 1- сүрөт).

2014-2022-жж. туруктуу байкоолордо апрель айынан сентябрга чейин атмосфералык абанын 630 үлгүсү алынган. Микроскопия Carl Zeiss (Германия) жана МЕИЛ (Япония) микроскопторунун жардамы менен 10-, 20-, 40-, 100 эсе чоңойтулуп жүргүзүлгөн. Чаңча данчаларын идентификациялоо негизинен тукумга же урууга, айрым учурларда түргө, атайын аныктагычтар жана чаңча атластарынын жардамы менен аныкталды [С. Н Куприянов, И. В. Галактионова1980; В. Н. Кобзарь, 2010; Н. Р. Мейер-Меликян жана б., 1999; М. Х. Моносзон, 1973], чаңча данчаларынын негизги типтеринин ориентациялык ачкычы [С. Н. Куприянов жана б., 1984].



Сүрөт 2.1. Каракол ш. борбордук бөлүгүндөгү, имараттын чатырындагы Ланзони кармагычы

Кошумча ыкмалар да колдонулду: өсүмдүк чаңчасынын үлгүлөрү (эталондук препараттар), чандыктардан түздөн-түз алынган чаңчанын препараттары менен салыштыруу. Козу карын спораларын аныктоо үчүн аллергендик спораладын атласы жана фитопаразит козу карындарынын аныктагычтары колдонулган [Н. М. Пидопличко, 1977; K. Wilken-Jensen, S. Gravesen, 1984]. Маалыматтарды статистикалык иштетүү абсолюттук жана салыштырмалуу көрсөткүчтөрдү талдоонун негизинде вариациялык статистиканын жалпы кабыл алынган ыкмалары менен ишке ашырылган. *Picea schrenkiana* гүлдөө мезгилиндеги чаңчасынын санын фиксациялап жазуу үчүн 2018-жылы Дюрам кармагычы колдонулган. Шардаков методу боюнча *Picea schrenkiana* чаңчасынын жана *Elytrigia repens* чаңчасынын өнүү жөндөмдүүлүгүнө интегралдык баа берүү жүргүзүлдү.

**3-Бап. «Өсүмдүктөрдүн чаңчаларын жана козу карындын спораларын кармоо ыкмаларынын салыштырма анализи».** Бөлүмдө эскирген, бирок маанисин жоготпогон Дюрам аппаратынын (гравиметриялык ыкма) жана акыркы мезгилде бүткүл заманбап дүйнөдө кеңири колдонулуп келе жаткан Ланзони кармагычынын (волюметрикалык ыкма) салыштырма мүнөздөмөлөрү келтирилген. Волюметрикалык чаңча жыйноочу бир катар артыкчылыктарды сунуштайт.

*Picea schrenkiana*нын Fisch. et Mey табигый кайрадан көбөйүүсүнө баа берилди уруктардын пайда болушуна чаңдын таасирин изилдөөгө негизделген. Бул максатта 2018-жылдын июнь айында Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Суу проблемалары жана гидроэнергетика институтунун Тянь-Шань бийик тоолуу илимий борборунун гидрометеорологиялык станциясынын (2555 НУМ) базасында Дюрам кармагычы орнотулган. Тянь-Шань карагайынын гүлдөө мезгилиндеги чаңчасынын фиксациясын алуу үчүн Чоң-Кызыл-Суу капчыгайында орнотулган (3.1 - сүрөт). 2200 м жана андан жогору бийиктиктерде 5 жылдык байкоо мезгилинде бир да жыл жакшы урук алган эмес. Буга чейин начар гүлдөө болгон; аз сандагы эркек жана ургаачы тобурчактарындагы репродуктивдүү органдар, гүлдөө мезгилиндеги жаан-чачындар, чаңчалар учууга жөндөмсүз болуп калат. Чаңчаны пайда кылууга жөндөмдүү жетилген дарактар жетишсиз болгон. Карагай дарактардын табигый картаюусу урук берүүдө канааттандырарлык эмес.



Сүрөт 3.1. Гравиметрикалык ыкма менен изилдөө (Чоң-Кызыл-Суу)



«Кажы-Сайдагы» калдык сактоочу жайды биологиялык рекультивациялоо боюнча сунуштарды тандоодо чаңчанын өнүүгө жөндөмдүүлүгүн изилдөөдө Шардакоздун ыкмасы колдонулган. «Кажы-Сай» калдыктарын сактоочу жайдын аймагындагы биомониторингдин объектиси болуп сойломо буудайыктын чаңчалары (*Elytrigia repens*) эсептелген, анткени рекультивацияланган аянтка жайыттарды жакшыртуу үчүн дан өсүмдүктөр тукумундагы (Poaceae) көп жылдык чөп аралашмасынын аныктоодо чөптөрдү кошууну сунуштайбыз.

Чаңчанын анализин колдонуу өсүмдүктөрдүн репродуктивдүү биологиясы жөнүндөгү түшүнүгүбүздү кыйла кеңейтет. Өсүмдүктүүлүк коомдоштугунун чаңчаларынын санын жана сапатын изилдөө менен антропогендик калыбына келтирилген же антропогендик бузулган ландшафтарды изилдөөдө практикалык сунуштарды берүүгө болот.

**4-Бап. «Каракол шаарынын аэробиологиялык мониторинги»** Атмосфералык абанын чаңча компонентинин сапаттык жана сандык курамына жүргүзүлгөн 2014-2022-жж. талдоонун натыйжалары келтирилген. **4.1. 2015-ж. өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карын спораларынын концентрациясы.** Идентификацияланган чаңчалардын жылдык саны 2015-ж. 85 646 ч. д./м$^3$ (45,6%), ал эми споралар – 102 207 к.к.с./м$^3$ (54,4%)[1] (таблица 4.1.1). Абсолюттук максималдуу чаңча июлда (54,4%) жана август айында (37%) байкалган. Козу карын спораларынын максималдуу сандык курамы июль айында (76,4%) катталган (4.1.1 - сүрөт). Апрель айынын 3-декадасынан баштап Каракол шаарынын абасында 24 өсүмдүк таксонунун чаңчалары болгон, анын ичинен 6 түрү басымдуулук кылган: *Artemisia, Pinus*, Chenopodiaceae, Poaceae, Cannabiaceae, Asteraceae.

Жабык уруктуулардын (Angiospermae) 18 таксонунун чаңчалары шаардын абасында айланып учуп жүрөт: дарак же бадалдар – 9, чөптөр - 9; ийне жалбырактуу (Pinopsida) классына кирген карагайлардан (Gymnospermae) - 5, ошондой эле 8 - споралуу козу карындар, Dothideomycetes тибине кирген козу карындардын споралары, кара көсөө споралуу (мите) козу карындар тибиндегилер (Ustilaginomycetes жана Exobasidiomycetes).

Таблица 4.1.1. Каракол ш. абасындагы өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карын спораларынын байкоо мезгилиндеги курамы

| Чаңча/споралар | 2015-ж. | 2016-ж. | 2017-ж. |
|---|---|---|---|
| Чаңча [2] | 45,6 | 48,1 | 35,3 |
| Споралар [2] | 54,4 | 51,9 | 64,7 |
| Дарактардын чаңчалары[3] | 2,5 | 27 | 30,3 |
| Чөптөрдүн чаңчалары[3] | 97,5 | 73 | 69 |
| Жалбырактуу дарактардын чаңчалары[4] | 35 | 25 | 32 |
| Ийне жалбырактуу дарактардын чаңчалары[4] | 65 | 75 | 68 |

**Эскертүү:** 1- ч. д./м$^3$ - м$^3$ аянттагы чаңча данчалары, к.к.с./м$^3$ - м$^3$ аянттагы козу карын споралары.
**Эскертүү:** 2 - сезондогу биобөлүкчөлөрдүн жалпы массасынын %; 3 - сезондогу өсүмдүк чаңчасынын жалпы массасынын %; 4 - бир сезондо дарактардын чаңчаларынын жалпы массасынын %.




Сүрөт 4.1.1. Өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карындын спораларынын 2015-ж. декадалардагы саны

Бул жылы негизги чаңча спектрин чөптөрдүн чаңчасы (97,5%) түзгөн. Бардык кармалган өсүмдүк чаңчасынан эң көп санда шыбактын чаңчасы 66,8% кармагыч ленталарына түшкөн. Дарактардын чаңчасы 2,5% гана түзгөн. 2015-ж. жалпы дарактардын чаңчалары -2,5%, чөптөрдүн чаңчалары - 97,5%

**4.2. 2016-ж. өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карын спораларынын концентрациясы**. 2016-ж. аныкталган өсүмдүк чаңчаларынын жылдык саны 91 387 ч. д./м³ (48,1%), споралары – 98 541 к.к.с./м³ (51,9%) түздү (4.1.1 - таблица). Абсолюттук максималдуу чаңча июнда (23%) жана июль айында (41%) байкалган. Абсолюттук максималдуу чаңча июнда (23%) жана июль айында (41%) байкалган.

Козу карын спораларынын максималдуу сандык курамы июнь (33,4%) жана июль (38%) айларында катталган (4.2.1 - сүрөт).

Лидерлери - *Cladosporium* жана *Alternaria*, *Fusarium*, *Serpula*, *Botrytis* жана *Ustilago* козу карындарынын споралары. Абада 32 өсүмдүк таксонунун жана 18 козу карын спорасынын таксондорунун чаңчалары бар: жабык уруктуулар (Angiospermae) – 27: дарактар жана бадалдар - 15, чөптөр - 12, ийне жалбырактуу (Pinopsida) классына кирген карагайлардан - 5 (Gymnospermae), ошондой эле козу карындарга (Dothideomycetes) таандык козу карындардын спораларынан - 13 таксон, кара көсөө споралуу (мите) козу карындардын (Agaricomycetes, Ustilaginomycetes, Pucciniomycetes жана Exobasidiomycetes) споралары. Алдыңкы спектр 14 өсүмдүк таксонунун чаңчалары менен шартталган: *Betula, Salix, Quercus, Populus, Tilia, Pinus, Picea, Artemisia,* Cupressaceae, Poaceae, Chenopodiaceae, Cannabaceae, Cyperaceae, Asteraceae. 2016-ж. жалбырактуу дарактардын чаңчасынын саны 25%, ийне жалбырактуулардын чаңчалары - спектрдин 75% түздү. 2016-ж. жалпы дарактардын чаңчалары - 27%, чөптөрдүн чаңчалары - 73%.






Сүрөт 4.2.1. Өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карындын спораларынын 2016-ж. декадалардагы саны

**4.3. 2017-ж. өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карын спораларынын концентрациясы**. 2017-ж. аныкталган өсүмдүк чаңчаларынын жылдык саны 111 685 ч. д./м³ (35,3%), споралары – 204 565 к.к.с./м³ (64,7%) (4.1.1-табл.). Абсолюттук максималдуу чаңча июнь (20%) жана июль (57,5%) айларында байкалган. Козу карын спораларынын максималдуу сандык курамы июнь (25.8%) жана июль (60%) айларында катталган (4.3.1 - сүрөт). Апрель айынын 3-чү декадасынан баштап Каракол ш. абасында 28 өсүмдүк таксонунун чаңчалары басымдуулук кылган, анын ичинен 6 түр: *Pinus, Betula, Populus, Artemisia,* Poaceae, Cannabiaceae, Chenopodiaceae, Cupressaceae.

Жабык уруктуулардын (Angiospermae) 24 таксонунун чаңчалары шаардын абасында айланып учуп жүрөт: дарак же бадалдар – 11, чөптөр - 13; ийне жалбырактуу (Pinopsida) классына кирген карагайлардан (Gymnospermae) - 4, ошондой эле споралуу козу карындардын таксону -17, Dothideomycetes тибине кирген козу карындардын споралары, 7- кара көсөө споралуу (мите) түрүндөгү споралар (Ustilaginomycetes, Agaricomycetes, Exobasidiomycetes, Pucciniomycetes).

2017-ж. жалбырактуу дарактардын чаңчаларынын саны 32%, ийне жалбырактуу дарактардан алынган чаңчалар спектрдин 68% түзгөн. Жалпысынан дарактардын чаңчалары – 30,3%, чөптөрдүн чаңчалары – 69% түшкөн. 2017-ж. *Cladosporium, Fusarium, Alternaria, Ustilago, Sorosporium, Aureobasidium* козу карындарынын споралары алдыңкы түрлөр деп эсептелет.

Байкоо мезгилинде (2015-2017-жж.) Каракол ш. абасында 35 өсүмдүк таксонунун чаңчалары аныкталган: анын ичинен 20 дарактар жана бадалдар, 15 чөптөр; ийне жалбырактуулар (Pinopsida) классына кирген карагайлардын (Gymnospermae) 5 таксону. Үстөмдүк кылган өсүмдүктөрдүн таксондору - 7: шыбак (*Artemisia* sp.), карагай (*Picea* sp.), кызыл карагай (*Pinus* sp.), шакардуулар (Chenopodiaceae), дан өсүмдүктөр (Poaceae), кара куурай (Cannabiaceae), астра гүлдүүлөр (Asteraceae), кипаристер (Cupressaceae).




Сүрөт 4.3.1. Өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карындын спораларынын 2017-ж. декадалардагы саны

Изилденген бардык жылдардын абсолюттук лидерлери болуп шыбак, дан өсүмдүктөр, шакардуулар жана кара куурай эсептелет. 2016-ж. бешинчи орунду өлөңдөр ээлеген. Каракол ш. аэробиологиялык спектрине эки спора-чаңча толкуну кирген: жазгы-жайкы спора-чаңча толкуну (апрель - июнь) жана жайкы-күзгү спора-чаңча толкуну (июль - октябрь). Чаңдануунун жайкы-күзгү толкуну эң күчтүү жана узакка созулган жана биринчи кезекте шыбактын (*Artemisia*), шакардуулардын (Chenopodiaceae) жана дан өсүмдүктөрүнүн (Poaceae) гүлдөөсүнөн келип чыккан. Изилдөө мезгилинде кармагычтын ленталарына козу карын спораларынын 24 таксону түшкөн: 17 - Ascomycota, 6 - Basidiomycota жана 1 - Oomycota.

**5-Бап. «Абадагы өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын жана козу карын спораларынын концентрациясына метеорологиялык факторлордун жана жер пайдалануунун өзгөрүшүнүн таасири».**

**5.1. Метеорологиялык факторлор жана аэробиологиялык спектр.** Гүлдөөнүн фенологиясы температурадан өтө көз каранды болгондуктан, климаттын өзгөрүшү чаңчанын таралышын жана чаңчанын санын өзгөрүшү күтүлүүдө, бул дем алуу аллергиясынын пайда болушуна таасир этиши мүмкүн. Бирок, абанын температурасы, жаан-чачындар, топурак, гүлдөө жана чаңчалар мезгилдеринин өзгөрүшүн камтыган планеталык экологиялык өзгөрүүлөрдүн татаал таасирлери менен шартталган өсүмдүктөрдүн физиологиясына жана



экологиясына байланыштуу жогорулаган аллергия коркунучунун реалдуу деңгээлин алдын ала айтуу кыйын. Аллергиянын сезондук көрүнүштөрү атмосфералык абада чаңчалар менен бирге көп санда кездешкен көк козу карындарынын споралары менен да байланыштуу болушу мүмкүн.

Базалык мезгилге салыштырмалуу Ысык-Көл өрөөнүндө бүгүнкү күнгө чейин анын бардык бийиктик алкактарында абанын температурасы 0.5-0,7° С жогорулаган. Бүткүл XX кылымды камтыган 1901-2000-жж. аралыгында температуранын оң тенденциялары пайда болуп, Каракол ш. орточо жылдык температуранын жалпы өсүшү 1° С деп бааланган. 1883-ж. - 1945-ж. чейинки мезгилге Караколдо так аныкталган төмөнкү температура (b10 = -0,16° С/10 жыл), ал эми 1946-ж. - 2009-ж. чейин болгон жылышы байкалган (b10 = 0,24° С/10 жыл). Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Суу проблемалары жана гидроэнергетика институтунун Тянь-Шань бийик тоо илимий борборунун маалыматы боюнча 1956-1969-жж. жана 2013-2018-жж абанын температурасы жогорулоо тенденциясын сактап калды. 3300 м бийиктикте да абанын температурасынын тенденциялары оң. Кызыл-Суу МС маалыматы боюнча (2550 НУМ) 1971-2019-жж. июль, август, сентябрь айларында абанын температурасынын оң тенденциялары белгиленген. 2015-ж. июлда узакка созулган (2 жумадан ашык) жогорку температура фон болгон. 2017-ж. сентябрь айында абанын температурасынын оң тенденциясына байланыштуу оң температура (105) күн болгон эң узак мезгил болгон.

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорология боюнча агенттигинин Каракол ш. Гидрометеорология борборунун маалыматы боюнча 2015-ж. июль айында эң жогорку температура 30,5° - 34,8° С чегинде катталган. 2017-ж. сентябрь айында эң жогорку температура катталган – 28,9° - 31,4° С, бул Ысык-Көл өрөөнүндө ушул ай үчүн мүнөздүү эмес. Сентябрь айында Тянь-Шандын климатынын олуттуу жылышы (0,0329° С /жыл) бардык метеорологиялык станцияларда өзгөчө белгиленет.

**5.1.1. Метеорологиялык факторлор жана өсүмдүктөрдүн чаңчасы.** Каракол ш. чаңчанын курамындагы 2015-2017-жж. мезгилдик өзгөрүүлөр төмөнкү баалуулуктарды чагылдырат: 2015-ж. абадагы чаңчанын абсолюттук максимуму июль (54,4%) жана август (37%) айларында байкалган, 2016-ж. - июнда (23%) жана июль айында (41%), 2017-ж - июнда (20%) жана июль айында (57,5%). 5.1.1.1 сүрөттүн негизинде абадагы чаңчанын абсолюттук максимуму изилденип жаткан аймактагы жогорку температуранын маанисине дал келет




Сүрөт 5.1.1.1. Чаңчанын мааниси жана абанын температурасынын көрсөткүчтөрү (өсүмдүк чаңчасы жана Караколдун температурасы)

2015-ж. Каракол ш. чаңчанын негизги спектрин чөптөрдүн чаңчалары – 97,5% түзгөн. Чогултулган бардык өсүмдүк чаңчасынан эң көп сандагы шыбактын чаңчасы – 66,8% түшкөн. Өткөн кылымдын 90-жылдарынын аягында Ысык-Көл облусунун калктуу конуштарынын чаңчаларынын спектринде аллергендик активдүүлүгү жогору болгон отоо чөптөрдүн – шыбактын, дан өсүмдүктөрдүн, шакардуулардын, кара куурайдын үлүшүнүн көбөйүү тенденциясы байкалган: түштүк-чыгышта 81-86%, Каракол ш. 85,1-90% ээлеген.

Каракол ш. өсүмдүктөрдүн чаңчаларынын (дарактардын лидери Pinus), отоо чөптөрдүн чаңчаларынын (лидерлери – *Artemisia*, Poaceae)) жана козу карын спораларынын (дүйнөлүк аллергендер менен - *Alternaria* жана *Cladosporium*) таксономикалык көп түрдүүлүгү, жай-күз мезгилинде максималдуу концентрациясы, буга чейин поллиноз оорусунун өсүшүнүн себептеринин бири болуп саналат (5.1.1.2 - сүрөт) Козу карын спораларынын эң жогорку концентрациясы абада Poaceae жана *Artemisia* чаңчаларынын болушу менен дал келгенде, алар чаңчага аллергиянын эң кеңири тараган себептери болуп саналат, аэроаллергендердин чогуу болушу оорунун коркунучун жогорулатат. XX кылымдын 90-жылдарында Кыргыз Республикасында аллергенспецификалык IgE-антителолорун изилдөө көрсөткөндөй, Бишкек жана Нарын шаарларында поллиноздун башкы этиологиялык фактору *Artemisia* чаңчасы болуп саналат. Каракол шаарында Poaceae чаңчалары экинчи орунда турат, аллергенге спецификалык IgE антителолорунун Poaceae жана Chenopodiaceae чаңчаларына карата эң жогорку мааниси катталды.

2015-ж. Каракол ш. чаңчанын негизги спектрин чөптөрдүн чаңчалары 97,5% түзгөн. Чогултулган бардык өсүмдүк чаңчасынан эң көп сандагы - 66,8% шыбактын чаңчасы түшкөн. Өткөн кылымдын 90-жылдарынын аягында Ысык-Көл облусунун калктуу конуштарынын чаңчаларынын спектринде аллергендик



активдүүлүгү жогору болгон отоо чөптөрдүн – шыбактын, дан өсүмдүктөрдүн шакардуулардын, кара куурайдын үлүшүнүн көбөйүү тенденциясы байкалган түштүк-чыгышта - 81-86%, Каракол ш. - 85,1-90% ээлеген.




Сүрөт 5.1.1.2. Каракол ш. абасындагы өсүмдүк чаңчалары: а - *Pinus sp.*; в - *Artemisia sp.*; в - Chenopodiaceae; d - Poaceae.

*Шыбактын* чаңчасы глобалдык он аэроаллергендердин бири жана ага аллергия дүйнө жүзү боюнча кеңири таралган. Аэробиологиялык үлгүлөрдү микроскопиялык анализдөө менен биз ботаникалык уруунун деңгээлинде *Artemisia* чаңчасынын дандарын аныктадык. Ошондуктан, чогуу кездешкен көптөгөн шыбактын түрлөрү уруу деңгээлинде белгиленген. Каракол ш. абасында 154 күндөн 166 күнгө чейин бардык изилдөө мезгилдеринде шыбактын чаңчалары болгон.

Максималдуу суткалык концентрация июль айында катталган. *Artemisia* чаңчасынын концентрациясынын күчтүү өсүшү июль айынын орто ченинен аяк ченинде байкалган жана бул изилдөө мезгилиндеги абанын орточо суткалык температурасынын жогорулашына туура келген (5.1.1.3 - сүрөт). Каракол ш. 2015-ж. 30,1° С эң жогорку температурасында шыбактын чаңчасынын эң жогорку концентрациясы (сезондогу бардык шыбактардын чаңчасынын 61%), 2017-ж. - 28,3°С (сезондогу бардык шыбактын чаңчасынын 67%) белгиленген. 2016-ж. эң жогорку температура 33,4° Сге жеткендиктен, сезон үчүн бардык шыбак чаңчаларынын 72% 25,2° С температурада түшкөн




Сүрөт 5.1.1.3. *Artemisia sp.* чаңчасынын саны

Микроскоптун астындагы *дан өсүмдүктөрүнүн* чаңчаларынын түрлөрүн аныктоо кыйын, ошондуктан алар дан өсүмдүктөрү деген жалпы аталышта катталган. Изилдөө пунктуна жараша дан өсүмдүктөрүнүн чаңчалары биринчи же экинчи этиологиялык маанилүү аэроаллерген болуп эсептелет. Республикада поллиноз менен ооруган бейтаптарда РАСТ 3-4-класстагы сезгичтиктин IgE антителолору катталган. Мындан тышкары, алардын эң жогорку көрсөткүчтөрү Каракол ш.: g3 (27,5), g4 (28,1), ал эми эң төмөнкүсү - Нарын ш.: g3 (0,9) жана g4 (0,8). Дан өсүмдүктөрүнүн чаңчаларынын чоң концентрациясы кургак, жылуу аба ырайы, жаркыраган күн ачык болушу менен байланыштуу, ал эми бул тукумдагы өсүмдүктөрдүн чанчаларынын саны абанын төмөн температурасында жана жаан-чачын учурунда (узун мезгил, бир нече саат же күндөн ашык) азаят.

Дан өсүмдүктөрүнүн чаңчалары Каракол ш. абасында 167 күндөн 174 күнгө чейин бардык изилдөө мезгилинде болгон. Суткалык максималдуу концентрация июнь-июль айларында катталган. 2015-ж. 30,1° С эң жогорку температура дан өсүмдүктөрүнүн чаңчаларынын жогорку концентрациясы менен (сезон үчүн бардык дан өсүмдүктөрүнүн чанчаларынын 53%) коштолгон. 2016-ж. сезон үчүн бардык чаңчалардын 64% дан өсүмдүктөрүнүн чаңчалары 24,5° С температурада түшкөн (сезон үчүн максималдуу температура 33,4%); 2017-ж. сезон үчүн 23,5° С температурада дан өсүмдүктөрүнүн бардык чаңчаларынын 69% (сезондун максималдуу температурасы 28,3%) (5.1.1.4 - сүрөт) түшкөн.

Поллиноз менен ооруган бейтаптардагы *шакардуулардын* чаңчалары үчүн РАСТ 2-3 классындагы сезгичтиктин аллерген-спецификалык IgE антителолору катталган. Алардын эң жогорку көрсөткүчтөрү Каракол ш.: w15 (2,8), w17 (1,5) жана Ош ш.: w15 (2,0), w17 (1,5).




Сүрөт 5.1.1.4. Poaceae чанчасынын саны

Шакардуулардын чаңчалары Каракол ш. абасында изилдөөнүн бардык мезгилинде, 144 күндөн 162 күнгө чейин болгон. Суткалык максималдуу концентрация июль-август айларында катталган. 2015-ж. эң жогорку



температурасында 30,1° С, шакардуулардын чаңчасынын концентрациясы (сезон үчүн бардык шакардуулардын чаңчаларынын 61%) 25° Сге чейинки температурада катталган.

2016-ж. 25,2° С жана 33,4° С температурада шакардуулардын чаңчаларынын эң жогорку чеги байкалган (сезондогу бардык шакардуулардын чаңчаларынын 46% жана 45%). 2017-ж. мурунку жылга абдан окшош болгон, бул тукумдун өсүмдүктөрүнүн чаңдашуусунун эки чеги болгон, башкача айтканда, 28,3° С жана 25,2° С температурада шакардуулардын чаңдашышынын эң жогорку чеги белгиленген (бардык шакардуулардын чаңчанын 38% мезгил үчүн) (5.1.1.5 - сүрөт).

Каракол ш. изилдөө жылдарында *кара куурайдын* чаңчасынын болушу 84 күндөн 153 күнгө чейин, май айынан сентябрга чейин өзгөргөн. Бардык жылдардагы максималдуу суткалык саны июль айында катталган. 2015-ж. 30,1° С эң жогорку температурасында кара куурай чаңчасынын эң жогорку концентрациясы (сезон үчүн бардык кара куурай чаңчасынын 94%), 2017-ж. - 28,3° С (сезондогу бардык кара куурай чанчасынын 88%) байкалган. 2016-ж. өзгөчөлөнүп, сезон үчүн кара куурайдын бардык чаңчаларынын 71% 25,2° С температурада түшкөн, бирок эң жогорку температура 33,4° Сга жеткен (5.1.1.6 - сүрөт).




Сүрөт 5.1.1.5. Chenopodiaceae чанчасынын саны




Сүрөт 5.1.1.6. Cannabiaceae чанчасынын саны

Ошентип, абанын температурасы башка өзгөрмөлөргө караганда чаңчанын концентрациясына жана чаңча мезгилинин башталышына көбүрөөк таасир этет. Биздин изилдөөлөрүбүздө температура менен корреляция оң, жаан-чачын жана салыштырмалуу нымдуулук менен байланышы терс болгон. Жаан-чачын болгон учурда чаңчалардын олуттуу жуулушу байкалып, абада аллергендердин курамы азайган. Ошол эле учурда кургак шарттар жана жогорку температура чаңчанын өнүгүшүнө тоскоол болуп, өсүмдүктөрдүн стрессинен улам аллергендердин курамын көбөйтөт. Кургакчылыктын таасири өсүмдүктүн тиричилик жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшүнөн жана чаңчанын өнүгүүсүндөгү байкаларлык өзгөрүүлөрдөн көрүнөт.

### 5.1.2. Метеорологиялык факторлор жана козу карындын споралары

Каракол ш. изилдөөнүн бардык жылдарында козу карын спораларынын саны өсүмдүктөрдүн чаңчасынын санынан басымдуулук кылган: 2015-ж. 54,4% козу карын споралары 45,6% өсүмдүк чаңчасынан жогору, 2016-ж. тиешелүүлүгүнө жараша 2017-ж. 48,1% караганда 51,9%. 35,3%дан 64,7%. Шаардын абасында козу карын спораларынын жогорку концентрациясы байкалган. Dothideomycetes классын өкүлдөрүнүн споралары башка бардык тышкы биоаэрозолдордон көп. Бардык 24 таксондун ичинен *Alternaria, Cladosporium, Fusarium, Ustilago* спораларынын максималдуу саны байкоо мезгилинин бардык декадаларында катталган.

2015-ж. маалыматтары боюнча козу карын спораларынын максималдуу сандык курамы июль айында (76,4%), 2016-ж. июлда (38%) 2017-ж июлда (60%) катталган. Каракол ш. маалыматтар изилденүүчү аймактын метеорологиялык маалыматтары менен дал келет. Аэроспоралар Каракол ш. абасында бүткүл изилдөө мезгилинде (жаз-күз мезгили) максималдуу камтылышы менен июнь-август айларында тараган. 2017-ж., 5.1.2.1 - сүрөттө көрсөтүлгөндөй,



аэромикологиялык спектрдин сандык жана таксономикалык курамы боюнча эң күчтүү болгон




Сүрөт 5.1.2.1. Изилдөөлөрдөгү аэроспоралардын концентрациясы

2015-ж. козу карын спораларынын эң жогорку концентрациясы июлдун 3-декадасында болгон. Бул маалыматтар абанын температурасы менен корреляцияланат (5.1.2.2-сүрөт). Ушул мезгилде (июлдун 2-жана 3-декадасында) абанын эң жогорку температурасы байкалган (тиешелүүлүгүнө жараша 34,8° жана 33,5° С).

2016-ж. аэромикологиялык режимдин динамикасында жайкы-күзгү мезгилде козу карын спораларынын эки жогорку чеги байкалган. Биринчи чеги июндун 2-он күндүгүндө (16724 к.к.с./м³), экинчиси июлдун 2-он күндүгүндө (16709 к.к.с./м³) катталган. Бул июнь-июль айларындагы максималдуу суткалык температуранын дээрлик бирдей көрсөткүчтөрүнө туура келет (31° - июндун 1-он күндүгүндө жана 30,5° - июлдун 2-3-он күндүгүндө) (5.1.2.1 - таблица, 5.1.2.3 - сүрөт).

2017-ж. козу карын спораларынын эң жогорку концентрациясы июлдун 2-3-декадасында болгон. Бул маалыматтар абанын температурасына жараша болот. Июлдун 1-он күндүгүндө 34,3°С, июлдун 3-он күндүгүндө – 32,4° С жана августтун 1-он күндүгүндө – 31,7°С (5.1.2.1 - табл.) изилденип жаткан мезгил үчүн эң жогорку температура байкалган. 5.1.2.4 - сүрөттө абанын жогорку температурасында козу карын спораларынын эң жогорку концентрациясы көрсөтүлгөн.




Сүрөт 5.1.2.2. 2015-ж. Каракол ш. абанын температурасы жана спораалардын концентрациясы




Сүрөт 5.1.2.3. 2016-ж. Каракол ш. абанын температурасы жана спорaлардын концентрациясы




Сүрөт 5.1.2.4. 2017-ж. Каракол ш. абанын температурасы жана споралардын концентрациясы

Караколдо биз күчтүү он корреляцияны белгиледик: температура жогорулаганда козу карындын спораларынын саны ушундай эле көбөйөт. Температура, жаан-чачындар, салыштырмалуу нымдуулук жана шамал сыяктуу башка метеорологиялык көрсөткүчтөр козу карындардын өсүшүнө жана атмосферада козу карын спораларынын концентрациясына жана таралышына таасирин тийгизет. Температуранын жогорулашы, кургак чөйрөнү камсыз кылуу, атмосферага споралардын чыгышын шарттады.

Таблица 5.1.2.1. Байкоо мезгилиндеги жогорку температуранын көрсөткүчтөрү (КР ӨКМ караштуу Гидрометеорология агенттигинин Каракол гидрометеорология борбору).

| 2015-ж. | Июнь | | | Июль | | | Август | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Декада | 1 | 2 | 3 | 1 | 2 | 3 | 1 | 2 | 3 |
| Максим-у t ° жаан-чачын жок | 28 ° 08.06 | 28 ° 19.06 | 27.6° 30.06 | 30.5° 09.07 | 34.8° 16.07 | 33.5° 21.07 | 28.9° 06.08 | 30.5° 20.08 | 31.4° 21.08 |
| 2016-ж. | Июнь | | | Июль | | | Август | | |
| Декады | 1 | 2 | 3 | 1 | 2 | 3 | 1 | 2 | 3 |
| Максим-у t ° жаан-чачын жок | 31° 10.06 | 29.8° 11.06 | 29° 30.06 | 29° 07.07 | 30.5° 13.07 | 30.5° 27.07 | 28.5 ° 07.08 | 29.5° 13.08 | 28.6° 29.08 |
| 2017-ж. | Июнь | | | Июль | | | Август | | |
| Декада | 1 | 2 | 3 | 1 | 2 | 3 | 1 | 2 | 3 |
| Максим-у t ° жаан-чачын жок | 26.2° 04.06 | 27.6° 13.06 | 29° 23.06 | 34.3° 09.07 | 29.2° 11.07 | 32.4° 29.07 | 31.7° 08.08 | 25.5° 15.08 | 27.7° 31.08 |



Козу карын спораларынын ичинен сандык курамы боюнча изилдөөнүн бардык жылдарында 3 таксондун споралары басымдуулук кылган: кладоспоралар (суткалык максимум – 31248 (27-июль 2015-ж.)); альтернария (күнүмдүк максималдуу – 5376 (28-июль, 2015-жыл);; фузария (күнүмдүк максималдуу – 18036 к.к.с./м³; (30-июнь, 2017-ж.)) (5.1.2.5 - сүрөт). Каракол ш. 2015-2017-жж. июнь, июль, август айларынын бардык декадаларында *Cladosporium, Alternaria, Fusarium* спораларынын жогорку концентрациясы байкалган.




Сүрөт 5.1.2.5. Cladosporium (a), Alternaria (b) споралары (Каракол ш.)

2015-ж. жогоруда аталган үч таксондун абанын жогорку температурасына идеалдуу көз карандылыгын көрсөткөн (5.1.2.6 - сүрөт). Изилдөө районунда *Cladosporium* спораларынын концентрациясы башка таксондукунан жогору. *Cladosporium, Alternaria, Fusarium* спораларынын максималдуу күнүмдүк саны 2015-ж. июлдун аягында – августтун башында катталган. 30,1° С жогорку температурада *Cladosporium* спораларынын эң жогорку концентрациясы (изилденген жылдардын бардык мезгилдериндеги бардык споралардын 74%) байкалган.

2015-ж. Каракол ш. июль-август айлары өтө кургакчыл болгон. Бул тенденция август айында да улантылды. Июль айында жаан-чачын болгону 5 күнгө созулган ачык аба ырайы 19 күнгө созулган. Муну *Cladosporium* жана *Alternaria* споралары өздөрү үчүн эң ыңгайлуу аба ырайынын шарттарын – абанын температурасы жогору жана жаан-чачындар аз болгон ысык жана кургак жайларды жактырган бир катар изилдөөлөр тастыктайт.




Сүрөт 5.1.2.6. Каракол ш. 2015-ж. абанын температурасы жана *Cladosporium, Alternaria, Fusarium* спораларынын концентрациясы

*Cladosporium, Alternaria, Fusarium* спораларынын максималдуу күнүмдүк саны 2016-ж. Каракол шаарында майдын ортосунан июнь айынын 2-жарымына чейин катталган. 24,5° С температурада кладоспорий спораларынын концентрациясынын дээрлик 46% изилденген жылдын бардык мезгилдери үчүн белгиленген (5.1.2.7 - сүрөт).




Сүрөт 5.1.2.7. Каракол ш. 2016-ж. абанын температурасы жана *Cladosporium, Alternaria, Fusarium* спораларынын концентрациясы

2016-жылы альтернария спораларынын эң көп саны изилдөөнүн бардык жылдарында катталган, дээрлик 27%, спораларДын эң көп саны 25,2° С температурада катталган фузария споралары май жана июль айларында 20,4° С жана 25,2° С температурада эки жогорку чегин көрсөткөн. 2016-ж. май айында булуттуу 18 күндөн ашык нымдуулук болгон. $CO_2$ жогорку концентрациясында жана азоттун аз концентрациясында *Fusarium, Cladosporium, Aspergillus* жана *Penicillium* сыяктуу түрлөрү спораланууну 5 эсеге чейин көбөйтөрү аныкталган.

2017-ж. температуранын жогорулашы, кургак чөйрөнү камсыз кылуу, атмосферага спорaлардын чыгышына ыңгайлуу болду. Бул Каракол ш. *Cladosporium* жана *Alternaria* козу карындарынын споралары боюнча жүргүзүлгөн бул изилдөөдө (5.1.2.8 - сүрөт) көрсөтүлгөн. Козу карын спораларынын 60-76% июнь-август айларында түшөт.

*Cladosporium, Alternaria, Fusarium* спораларынын максималдуу күнүмдүк саны 2017-ж. июндун аягында – июлдун башында катталган. Июль айы жаан-чачындын аздыгынан (5 күн) жана аба ырайынын ачыктыгынан (19 күн) эң кургакчыл болгон. Август айында дээрлик ушундай эле аба ырайы сакталган (6 күн жаан жаап, 17 күн ачык болгон). 28,3° С температурада кладоспория спораларынын жогорку концентрациясы (65%) байкалган. Ошол эле температурада альтернария спораларынын 10,7% түшөт. 2016-ж. айырмаланып, 2017-ж. 23,5° С температурада фузария споралары бир чекке ээ болгон жана дээрлик изилдөөнүн бардык жылдарында эң көп санды 18% түзгөн.






Сүрөт 5.1.2.8. Каракол ш. 2017-ж. абанын температурасы жана *Cladosporium, Alternaria, Fusarium* спораларынын концентрациясы

Каракол ш. абанын орточо суткалык температурасы эң маанилүү өзгөрмө болгон жана бардык түрдөгү спораларды суткалык саны менен одуттуу корреляцияланган. 2015-2017-жж. козу карын спораларынын концентрациясы жаан-чачынга да көз карандылыгын көрсөттү. Бул жерде күчтүү терс корреляцияны белгилей алабыз, качан бир өзгөрмөнүн мааниси, башкача айтканда, жаан-чачындар көбөйсө, башка өзгөрмөнүн мааниси, козу карындын спораларынын саны төмөндөө тенденциясына ээ (5.1.2.9 - сүрөт). Жаан-чачындуу күндөрү атмосферадагы биобөлүкчөлөр оор болуп, жерге түшөт. Бул жагдай «жамгыр менен жуу» деп аталат.

Башка өзгөрмөлөр үчүн бул көрүнүш татаалыраак. Мисалы, *Torula, Tilletia, Curvularia, Didymella* (биринчи жолу Каракол ш. 2017-ж 3-декадасында катталган) метеорологиялык көрсөткүчтөргө анчалык көз каранды эмес. Кээ бир изилдөөчүлөр спораларды бул түрлөрү менен температуранын ортосундагы байланыш начарыраак болгонун белгилешет. Тактап айтканда, дидимела спораларынын бөлүнүп чыгышы жана таралышы абанын температурасынан көп деле көз каранды эмес. Балким аз концентрацияда абада бул козу карындардын спораларынын болушуна көз каранды.




Сүрөт 5.1.2.9. Жаан-чачындын мааниси жана козу карын спораларынын концентрациясы

Айдоо жерлеринин аянтынын көбейүшүнө жана шаарларда жер бетинин температурасынын жогорулашына байланыштуу шаарлардын абасында козу карын спораларынын саны жана таксономикалык курамы көбейүүдө. Каракол ш. абасында дат козу карындарынын - ийне жалбырактуу дарактардын мителери болгон *Puccinia* биринчи жолу 2016-2017-жж. июнь айынын үч декадасында катталган.

Каракол ш. август айынын үч декадасында *Cladosporium, Alternaria, Fusarium, Ustilago, Aureobasidium, Botrytis, Serpula, Pyrenophora, Helminthosporium споралары, аз өлчөмдө Epicoccum, Tilletia Puccinia, Torula, Drechslera, Stemphilium, Curvularia, Polythrincium, Phytopathora* жана *Piricularia* споралары аныкталды. Башкача айтканда, август айы козу карын спораларынын таксономиялык ар түрдүүлүгүнүн айы.

Температуранын өзгөрүшү козу карындардын колонизациясына жана өсүшүнө түздөн-түз жеке организмдердин физиологиясы аркылуу, же кыйыр түрдө кабыл алуучу өсүмдүктөргө же субстраттарга физиологиялык таасирин тийгизиши мүмкүн. Ал эми мунун натыйжасы - аэромикологиялык спектрде кара көсөө (*Ustilago, Sorosporium, Tilletia*) жана дат (*Puccinia*) козу карындарынын спораларынын болушу, алардын дан эгиндерине жугузушунун кесепети деп эсептейбиз. Шаардын айланасындагы өсүмдүктүүлүктө козу карын спораларынын болушу шаарга олуттуу таасир этет деп эсептейбиз.

